ТАЛАС ОБЛУСУНУН
АЙТМАТОВ РАЙОНУНУН
"АМАНБАЕВ АЙЫЛДЫК
АЙМАКТЫК КЕҢЕШИ"

"АМАНБАЕВСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ
АЙМАКСКИЙ КЕНЕШ"
АЙТМАТОВСКОГО РАЙОНА
ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТИ

**Айтматов районун Аманбаев айылдык**

**аймактык Кеңешинин VIII чакырылышынын**

**19-сессиясынын токтому**

27.09.2023 жыл Аманбаев айылы

Аманбаев айылдык кенешинин VIII чакырылышынын
19-сессиясы

ТОКТОМ № 1

Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүн өркүндөтүү жана региондорду өнүктүрүү боюнча андан аркы чаралар жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгын ишке ашыруу максатында Талас облусунун Айтматов районунун Аманбаев айылдык кеңеши

Токтом кылат:

1. Айтматов районунундагы административдик-аймактык реформаны ишке ашыруу боюнча жумушчу тобунун 2023-жылдын 22-августундагы №3 чечими колдоого алынсын
2. Аманбаев айыл аймагына Бакайыр, Аманбаев жана Маймак айыл аймактарын бириктирүү маселеси кодоого алынсын.
3. Аманбаев айыл аймагына биригүүгө башка айыл аймактар болсо, биригүүгө макулдук берилсин.
4. Бириккен айыл аймак Аманбаев айыл аймагы деп аталсын.
5. Бириккен Аманбаев айыл аймагынын административдик борбору Аманбаев айылында жайгашсын.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.
7. Токтом чыккан күндөн тартып күчүнө кирет.

Аманбаев айылдык кеңешинин төрагасы Нуралиев У.М.

| ТАЛАС ОБЛУСУНУН<br>АЙТМАТОВ РАЙОНУНУН<br>"АМАНБАЕВ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАКТЫК КЕНЕШИ" | "АМАНБАЕВСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ<br>АЙМАКСКИЙ КЕНЕШ"<br>АЙТМАТОВСКОГО РАЙОНА<br>ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТИ |
|---|---|

---

**Кара-Буура районун Аманбаев айылдык**

**аймактык Кеңешинин VIII-чакырылышынын**

**кезексиз XIX-сессиясынын токтому**

**27.09.2023-жыл.** **Аманбаев айылы.**

**ТОКТОМ № 2**

Аманбаев айылдык аймактык Кеңеши, Аманбаев айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын жергиликтүү бюджетинин аткарылышы тууралуу маалыматын карап жана талкуулап чыгып такталган планга кошумча план киргизүү боюнча Аманбаев айылдык аймактык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Аманбаев айылдык аймактык Кеңеши, Аманбаев айыл өкмөтүнүн 2023-жылга жергиликтүү негизги бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча киреше жана чыгаша бөлүгү **2511,0 миң сом** өлчөмүндө кабыл алынсын.

2. **Киреше бөлүгү төмөнкү киреше булактарынан түшүүсү белгиленсин:**

| Катар № | Статьялары | Киреше булактарынын аталышы | Жалпысы (миң сом) |
|---|---|---|---|
| 1 | 11311200 | 2-топтогу ишкердик иши үчүн пайдаланылган кыймылсыз мүлккө салык | 5,0 |
| 2 | 11321100 | Короо жанындагы жер участокторун пайдалануу үчүн жер салыгы | 94,3 |
| 3 | 11321200 | Айыл чарба жерлерин пайдалануу үчүн жер салыгы | 2167,7 |
| 4 | 14511200 | Дагы башка салыктык эмес кирешелер | 244,0 |
| | **Жалпысынан** | | **2511,0** |

**3. 2023-жылга Аманбаев айыл өкмөтүнүн жергиликтүү негизги бюджетинин чыгаша бөлүгү жалпысынан 2511,0 сом төмөнкү бөлүм боюнча бекитилсин:**

- Айыл өкмөтүнүн ТЖКЧ бөлүмүнүн 2215 "Башка тейлөө кызматтарын алууга" элементи боюнча-289,5 миң сом. **( ар кандай чыгымга)**

- Айыл өкмөтүнүн ТЖКЧ бөлүмүнүн 2221"Мүлктү учурдагы оңдоого чыгашалар " элементи боюнча-300,0 миң сом. **(Кичи футбол аянтчасына материалдарды сатып алуу)**

- Айыл өкмөтүнүн ТЖКЧ бөлүмүнүн 31113 "Курулмалар" 31113330 "Көпүрөлөрдү капиталдык оңдоо" элементи боюнча-200,0 миң сом. **(Ак-Жар айлынын Ногой каналына көпүрө салуу)**

- Айыл өкмөтүнүн балдар бакча бөлүмүнүн 31112 "Турак жай эмес имараттар" 31112390 "Башка имараттарды капиталдык оңдоо" элементи боюнча-730,0 миң сом. **(Арис проект өздүк салым)**

- Айыл өкмөтүнүн орто мектептер бөлүмүнүн 31122 "Механизмдер менен өндүрүштүк камсыз кылуулар" 31122290 "Башка механизимдерди жана камсыз кылууларын алуу" элементи боюнча-300,0 миң сом. **(Э.Эсенаманов орто мектебине печка сатып алуу)**

- Айыл өкмөтүнүн балдар бакча бөлүмүнүн 31123 "Эмеректер кеңсе камсыз кылуулары жана шаймандары" 31123290 "Башка эмеректерди жана шаймандарды сатып алууга эгер бул товарлардын өтөө мөөнөтү бир жылдан ашса" элементи боюнча-400,0 миң сом. **(№3 Өмүр балдар бакчасынын кухнясына жабдууларды алуу)**

- Айыл өкмөтүнүн балдар бакча бөлүмүнүн 31113 "Курулмалар" 31113290 "Башка курулмаларды алуу жана куруу" элементи боюнча-141,5 миң сом. **(№23 Алтын-Булак балдар бакчасына септик куруу)**

- Айыл өкмөтүнүн орто мектептер бөлүмүнүн 2215 "Башка тейлөө кызматтарын алууга" элементи боюнча-81,5 миң сом. **(Ч.Айтматов орто мектебинин тамак бышыруучу печкасын ж-а муздаткычын оңдоого)**

- Айыл өкмөтүнүн орто мектептер бөлүмүнүн 2221"Мүлктү учурдагы оңдоого чыгашалар" элементи боюнча-68,5 миң сом. **(Ч.Айтматов орто мектебинин оңдоп түзөө иштерине краска)**

**4.** Аманбаев айыл өкмөтүнүн жергиликтүү негизги бюджетинин киреше жана чыгаша статьяларына кошумча киреше жана чыгашаларга өзгөртүүлөрдү киргизүү Аманбаев айылдык аймактык Кеңешинин сессиясынын токтомдорунун негизинде жүргүзүлсүн.

**5.** Аманбаев айыл өкмөтүнүн жергиликтүү негизги бюджетинин киреше бөлүгүнүн аткарылышы жана бюджеттик каражаттардын токтомдо белгиленген чыгым статьялары боюнча аткарылышы, айыл өкмөтүнүн Каржы экономика бөлүмүнүн бөлүм башчысы Кудайбергенов Н.О. милдеттендирилсин.

**Аманбаев айылдык аймактык**

**Кеңешинин төрагасы:** **Нуралиев У.М.**